Бекитемин ____________

Мектеп директору ______ Т. Т. Кабаева

**2022-2023-окуу жылдарында Кыргыз Республикасында балдар арасындагы укук бузууларды, кылмыштуулукту алдын алуу боюнча М. Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебиндеги иш-чараларынын планы.**

| № | Иш чаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Аткарууга жооптуу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектеп ичиндеги укук бузууларды алдын алуу максатында мектеп администрациясынан, мугалимдерден, ЖИИ тескөөчүлөрүнөн, коомчулук өкүлдөрүнөн, ата-энелерден, жогорку класстын окуучуларынан жана ата-энелер комитетинин мүчөлөрүнөн турган мектептин алдын алуу кеңештерин түзүү. | Сентябрь 2022-ж | ИДН, мектеп директору, директордун тарбия иштери боюнча директордун орун басары, соц.педагог., класс жетекчилер | |
| 2 | Окуучулар арасында опузалоо, топтошуп мушташуу жана балдарга карата зомбулук көрсөтүү фактыларына бөгөт коюу, алдын алуу боюнча иш-чаралардын биргелешкен мерчемин иштеп чыгуу | дайыма | ИДН, мектеп директору, соц.педагог. | |
| 3 | Балдар иштери боюнча кызыкдар мамлекеттик органдар, өкмөттүк эмес уюмдар менен биргеликте “Балдар иштери боюнча укук бузууларды алдын алып, тарбия иштерин уюштуруу” маселелери боюнча алдыңкы тажрыйбаларды өнүктүрүү максатында видео-семинар, тегерек стол, көйгөйлүү маселелерди талкулоо иш-чараларын уюштуруу. | Ай сайын | ИДН, мектеп директорлору, соц.педагог. | |
| 4 | Билим берүү мекемелеринде «Өспүрүмдөр кылмышка каршыбыз» деген темада класстык сааттарда, тегерек столдорду өткөрүү, дил баян жазуу дубал гезиттердин | дайыма | Мектеп директору, тарбия иштери боюнча директордун | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ж.б. конкурстарын уюштуруу, аң-сезимге таасир бере турган фильмдерди көрсөтүү менен маданий жана аскердик иш-чараларды уюштуруу | | орун басары, соц.педагог, класс жетекчилери | |
| 5 | Мектепте өспүрүмдөрдү жакшы жакка тарбиялоонун жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу жана сунуштоо | дайыма | Мектеп директору, тарбия иштери боюнча директордун орун басары, мугалимдер коллективи. | |
| 6 | Эркек балдар арасында аскердик потриоттук сынактарды, викториналарды уюштуруп өткөрүү | 2022-жылдын октябрь айы | ИДН, дене тарбия, АЧД мугалимдери, балдар кеңеши | |
| 7 | Мектептеги «Тобокел» тобундагы окуучулар менен тыгыз иш алып баруу | дайыма | Мектеп директору, ИДН, соц.педагог. | |
| 8 | Мектептерде КРнын Өзгөчө кырдаалдар министирлигинин өкүлдөрүн тартуу менен бөөдө кырсыктарды, өрт кырсыктарын, жаратылыш кырсыктарын алдын алуу боюнча сабактарды уюштуруу | чейрек сайын | ИДН, Тоң району боюнча ӨК бөлүмү, мектеп директору | |
| 9 | Укук бузуулар, андагы ата-энелердин жана балдардын жоопкерчилиги боюнча чогулуштарды өтүү | квартал сайын | ИДН, райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгы, мектеп директору | |
| 10 | Катаал турмуштук кырдаалда, анын ичинде кыйын шартта эмгектенген , окубаган балдарды табуу боюнча чараларды көрүү | чейрек сайын | ИДН, райондук эмгек жана социалдык өнүктүрүү башкармалыгы, мектеп директору | |
| 11 | Зордук-зомбулукка кабылган балдарды реаблитациялоого багытталган алдын алуу иштерин уюштуруу | окуу жылынын ичинде | ИДН, мектеп директору,соцпедагог | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 12 | Кибербулинг боюнча атайын сабактарды өтүү. Балдарга жана ата-энелерге байланыш каражаттарынын маданияты боюнча түшүндүрүү | Сентябрь-октябрь | ИДН, мектеп директору, тарбия иштери боюнча директордун орун басары | |
| 13 | Тамекинин, алкоголдук ичимдиктердин, СПАЙС жана наркотикалык заттардын зыяндуулугу боюнча сабактарды өтүү | Ар дайым | ИДН, мектеп директору, тарбия иштери боюнча директордун орун басары | |
| 14 | Экстримизим, улуттар аралык, диндер аралык араздашуулардын коркунучтуулугун түшүндүрүү | окуу жылынын ичинде | ИДН, соцпедагог, мектеп директору | |
| 15 | Балдар арасындагы суицид, укук бузуу жана кылмыштуулук фактыларын изилдөө, окуучулар жана ата-энелер менен атайын иш алып баруу | чейрек сайын | ИДН, соцпедагог, мектеп директору, тарбия иштери боюнча директордун орун басары | |
| 16 | Ички жана тышкы мигранттын балдарын аныктоо жана аларды көзөмөлгө алып, алардын жүрүм-турумуна өзгөчө көңүл буруу | ар дайым | ИДН, соцпедагог, мектеп директору, тарбия иштери боюнча директордун орун басары | |
| 17 | Балдарды жол-унаа кырсыктарынан алдын алуу максатында жол кыймылынын эрежелерин пропагандалоо, ЖКЖТ (ЮИДД) кошуунунун кароо-сынактарын, “Көңул бургула балдар!” аталышындагы сынактарды уюштуруу. | квартал сайын | ИДН, соцпедагог, мектеп директору, тарбия иштери боюнча директордун орун басары | |
| 18 | Окуучуларга карата сексуалдык зомбулуктун жана кысымдын алдын алуу максатында маалымат материалдарын (буклеттер, стенддер, видеотасмалар, видео сабактар) иштеп чыгуу. | октябрь | ИДН, мектеп директор, соцпедагог, тарбия иштери боюнча директордун орун басары | |

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: М. Р. Дүйшөнбиева

БЕКИТЕМИН

Тарбия иштери боюнча директордун
орун басары М.Р. Дүйшөнбиева

М. Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 9 - а классынын
класс жетекчиси Дүйшөнбиева Мээрим Рысбековнанын
**«Өспүрүмдөр арасындагы укук бузууларды жана кылмыштуулуктун алдын алуу»** боюнча түзгөн иш планы

| № | Аткарылуучу иштин мазмуну | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| 1 | Кылмыштуулукту алдын алуу боюнча «Алдын алуу кеңешин» түзүү боюнча буйруктун негизинде иш план түзүү | Сентябрь | Буйруктун аткарылышы колго алынат |
| 2 | Класстын социалдык паспортун түзүү | Сентябрь | Окуучулардын социалдык абалы аныкталат |
| 3 | Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ата-энелер, жашы жете электер арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Ар дайым | Кылмыштуулуктун алдын алуучу иш чаралар жүргүзүлөт |
| 4 | Тарбиясы оор, кароосуз калган окуучулардын тизмесин тактоо жана аларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | Октябрь | Кароосуз калган жана тарбиясы оор балдар менен иш жүргүзүлөт |
| 5 | «Сен жана сенин укугуң» - тегерек стол | Октябрь | Балдар укуктары жана милдеттери жөнүндө маалымат алышат |
| 6 | «Биз мектеп рекетчилигине каршыбыз» - акция, диспут сабак | Ноябрь | Укук бузуулардын алдын алуучу иштер жүргузүлөт |
| 7 | Жолдо жүрүүнүн эрежелери менен иштөөчү ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери менен бирге рейд уюштуруу жана жыйынтыгын чыгаруу | Убагында | Рейд уюштурулуп, түшүндурүү иштери жүргүзүлөт |
| 8 | «Тамекинин зыяндуулугу»- тарбиялык сабак | Декабрь | Тарбиялык сабак өткөрүлөт, балдарга түшүнүк берилет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9 | Мектептен сырткаркы убактагы окуучулардын жүрүм туруму тууралуу | Ар дайым | Окуучулардын жүрүм туруму көзөмөлгө алынат |
| 10 | ЖӨИнин кызматкери менен жолугушууларды уюштуруу | График боюнча | Жолугушуулар өтөт |
| 11 | «Өспүрүмдөр кылмыштуулукка каршы» аттуу коомчулуктун өкүлдөрүнүн, айыл имамы, ЖӨИнин кызматкери, ФАП кызматкерлери, ата – энелердин катышуусунда тегерек стол уюштуруу | Январь | Кылмыштуулуктун жана укук бузуучулук боюнча түшүнүшөт, коомчулуктун көңүлүн өспүрүмдөрдүн тарбиясына буруу каралат |
| 12 | Тарбиясы оор, кароосуз калган окуучулар арасында иш жүргүзүү | Ар дайым | Түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт, ата энелер менен сүйлөшүүлөр жүрөт |
| 13 | «Баңгилик жана аракечтик деген эмне» деген темада ФАП кызматкерлери жана ЖӨИнин кызматкерлери менен биргеликте талкуу уюштуруу | Февраль | Баңгилик жана аракечтиктин зыяндуулугу тууралуу маалымат берилип, алдын алуу иш чаралар жургүзүлөт |
| 14 | «Улууга урмат, кичүүгө ызаат» - дубал гезиттер сынагын уюштуруу | Март | Үлгүлүү жүрүм турумга үндөгөн лозунгдар, кереге гезиттер чыгарылат |
| 15 | Тентек, же ар кандай адепсиз ишке жөндөмдүү, сабакты көп калтырган окуучулар менен иш алып баруу. Үйлөрүнө рейддерди жургузуу. Ата-энелери менен иш алып баруу | Дайыма | Тентек балдар адептүүлүккө тарбияланат, сабакты көп калтырбай калат, ата-энелер менен байланыш түзүлөт |
| 16 | Маданий массалык спорттук иш чаралар аркылуу “Кылмыштуулукту болтурбайбыз” ураанынын алдында “Мыкты спорттук класс” мелдешине катышуу | Май | Спорттук иш чаралар өткөрүлөт. Окуучулар бош убактыларында спорт менен машыгуу адатка айланат |

17.09.22-жыл Тон району

Оттук айылы

М Мамбетов атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

Чогулуштун башталышы- 14.00

Катышкан окуучулардын саны - 75 9-11- класстын окуучулары

Мектептин директору : Кабаева Т

Мектептин соц педагогу: Алышерова Н

Тарбия иштери боюнча уюштуруучу: Дүйшөмбиева М жана класс жетекчилер.

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. 2022-жылдын 13-сентябрында Тон райондук билим берүү бөлүмүнөн №83-буйрук келген « Укук бузуулардын жана кылмыштуулукту алдын алуу жөнүндө.
2. Зордук- зомбулуктун кесепеттери, түрлөрү.

1-маселе боюнча мектептин директору Кабаева Т өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду.

Урматтуу окуучулар, ар жыл сайын силерди инсан катары ар тараптуу өнүгүүгүнөргө, ден соолугунардын чын болуп, бакубат жашоонорго мамлекет тарабынан ар кандай коргоо, зордук-зомбулукка жол бербөө максатында иштер, буйруктар болуп турат. Силердин ар бир ишинер , окуунар жакшы жакка, келечегинер үчүн багытталыш керек. Силерге улуулар, мугалимдер, ата-эне же камкорчу тарабынан эч кандай кысымдар опузалоо иштери болбош керек. Ар киминер өз укугунар менен кошо милдетинерди билип, окуунарды жакшы окуп, коомдук иштерге активдүү катышып, улууларга, кичүүлөргө сый мамиледе болсонор мамлекетибизге зор салым кошкон болот эленер.

2-маселе боюнча мектептин соц педагогу Алышерова Н төмөнкүлөргө токтолду.

Балдар келген буйруктун негизинде биз ар кандай пландарды иштеп чыгып жатабыз. Жылдагыдай эле залда «Ишеним телефон-111» илинип турат Эгерде опузалоо, денеге оор залака келтирүүлөр болуп калса аны менен байланыша аласынар. Ошондой эле 2-этажда «Купуя сандык» илинип турат ага өзүнөргө мугалимдер тарабынан ар кандай басмырлоо туура эмес мамилелер кезигип калса, чонураак класстар арасында опузалап бир нерсени талап кылуу байкалса, ж.б ушул сыяктуу иштер болсо бизге айталбай жаткан иштерди кат

жүзүндө сандыкчага салып койсонор ай сайын  ачып ал мүчүлүштүктөр боюнча иштерди жүргүзөбүз.

Жана силерге Жорук кодекси менен да тааныштырып кетейин.

Окуучу эгерде ар кандай түрүнө жараша кылмыш кылса, уурдаса  61-берененин негизинде  4 категориядагы айып пул салынат . Кылмыштын маанисине жараша 1000, 3500, 7000, 7500 сомго чейин болот.  Денеге оор залака келтирип, өзүндү да бирөөнү да келечегине кедергисин тийгизбөө милдетин.

Мектептин тарбия боюнча уюштуруучусу Дүйшөмбиева М.

Окуучу мектепке уюлдук телефонду алып келбөө, сабак учурунда сабактан чыгып кетпөө, рекетчилик , суицидке барбоо , түнкүсүн  саат 8.00 дөн баштап эшикке чыкпоо керек .

Жогорудагыларды угуп, талкуулап чогулуш токтом кылат:

1. Жайкы күндөрү кечки саат 20.00 дөн, кыш  күндөрү  саат  кечкисин 19.00.дөн баштап, эшикке чыгарбоо жагы милдеттендирилди.
2. Телефонду мектепке алып келбөө жагы жана убагы менен телефонду колдонууну чектөө жагы милдеттендирилди.
3. Укуктарды бузуу фактылары катталган  учурда  тезинен класс жетекчиге, мектептин админстрациясына билдирип, туруу жагы милдеттендирилди.